Бекитемин
2023-жылдын «14» февралы
БСБМТУБ нын директору
___________________
Шамшидинова Б.С.

***КЛАССТАГЫ ТЕСТ АДМИНИСТРАТОР***
***ТЕСТ ӨТКӨНГӨ ЧЕЙИН ТААНЫШУУСУ ЗАРЫЛ***

## ТЕСТИРЛӨӨНҮ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НУСКАМА

**АДМИНИСТРАТОРДУН МИЛДЕТИ:**

- Администраторлор тест өткөрүү эрежелерин так аткарууга милдеттүү.
- Мектеп боюнча ар бир класстан (5-6 класстар арасында) бирден класс катышат. Жалпы класс боюнча -25 гана окуучу катыша алат. Эгерде балдардын саны 25 тен кем болсо, баары катышат.
- Тест өткөрүү эрежелери окуучулар орундарга отургандан кийин айтылат.
- Берилген убакытты так көзөмөлдөйт.
- Окуучуларга тест тапшырмаларын аткарууда тест администратор тарабынан жардам берүүсүнө тыюу салынат.

**ТЕСТИРЛӨӨНҮ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ**

**САЛАМАТСЫЗДАРБЫ!** *Урматтуу окуучулар! Силер бүгүн Япония өкмөтү тарабынан каржыланган ЮНИСЕФтин «Чексиз билим» долбоорунун алкагында негизги изилдөөгө катышып жатасыңар.* Бул тестирлөөнүн негизги максаты- *Ковид -19 таасиринен жабыркаган окуучулардын объективдүү билим денгээлин баалоо. Бул изилдөөнүн натыйжасында Ковид -19 таасиринен жабыркаган мектептерге жардам берүү улантылат, ошондуктан бардык тест тапшырмаларын колуңардан келишинче так жана туура жазууну өтүнөбүз.*

***Тест баракчаларын балдардын санына жараша эки вариантта таратып бериңиз (тажик класстары үчүн бир гана вариант болот)***
***Окуучулар тарабынан тест баракчасын толтурулушун көзөмөлдөйт!***

**Тесттик тапшырмалар эки сабактан берилет.**

1. Математика
2. Эне тили “Окуу жана түшүнүү” (**тийиштүү тилди айтыңыз**) кыргыз тили, орус тили, өзбек тили, тажик тили)

**Тест тапшырмаларын аткарууга кеткен убакыт:**

- Нускама берүү үчүн –10 мүнөт;
- Тест китепчелерин окуучуларга таратып берүүгө – 5 мүнөт;
- 1чи предмет- математика -45 мүнөт;
- Предметтер арасында тыныгуу – 5 мүнөт (***балдардын кечикпей келүүсүн талап кылыңыз);***
- 2-предмет- эне тили окуу жана түшүнүү (**тийиштүү тилди айтыңыз!**) кыргыз тили, орус тили, өзбек тили, тажик тили) - 45 мүнөт;
- Тест китепчелерин окуучуларга чогултуп алууга – 5 мүнөт;

1. **Математикадан 5, 6 класстар үчүн жалпы тапшырманын саны -14.**

Математикадан тест 2 бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүм:**
бир туура жоопту өзүнө камтыган 12 тест тапшырмадан (№1-№12) турат. Ар бир суроого 4 варианттан жооп берилет, алардын ичинен бирөө гана туура жооп болуп эсептелинет. Тест барагынан, туура жообун таап тегеректеңиз.
**Экинчи бөлүм:**
кыска жоопту талап кылган №13, №14 – тапшырмалар. Тапшырмаларды чыгарып, жообун таап, атайын бөлүнгөн орунга жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүн санга чейин тегеректеңиз.

2. **Эне тили "Окуу жана түшүнүү"** (кыргыз тили, орус тили, өзбек тили, тажик тили)
5- класстар үчүн жалпы -20 тапшырма,
6- класстар үчүн жалпы -24 тапшырма.

5 жана 6-класстар үчүн Эне тили "Окуу жана түшүнүү" боюнча тест 2 бөлүктөн турат.
**Биринчи бөлүм: грамматика**
5-класс: тапшырмалардын саны - 11 (бир туура жообун белгилөө);
6-класс: тапшырмалардын саны – 16 (бир туура жообун белгилөө).

**Экинчи бөлүм: "Окуу жана түшүнүү"**
5-класста тапшырмалардын саны: 2 текстке түзүлгөн 9 тапшырма
(5 – туура жообун белгилөөгө, 4 – ачык форматтагы тапшырмага жообун жазат );
6-класста тапшырмалардын саны: 2 текст жана 8 тапшырма
(4 – туура жообун белгилөөгө, 4 – ачык форматтагы тапшырмага жообун жазат).

**ТЕСТ УБАГЫНДАГЫ ЭРЕЖЕЛЕР:**

**ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- Калькулятор, жыйнактар ж.б.у.с колдонууга.
- Сүйлөшүүгө, ун чыгарып окууга, башкаларга тоскоолдук кылууга, орун алмашып отурууга;
- Тест убагында уруксатсыз чыгууга, тест тапшырмаларын алмашып бири-бирине берүүгө;
- Уюлдук телефон колдонууга.

**БУЛ ЭРЕЖЕЛЕРДИ САКТАБАГАН ОКУУЧУГА ЭСКЕРТҮҮ БЕРИЛИП ТЕСТТЕН ЧЕТТЕТИЛЕТ.**

**Нускама менен таанышкандан кийин:**

1. Администратор тест башталган убакытты доскага белгилеп жазуусу керек.
2. Тесттин жүрүшүндө администратор калган убакытты айтып туруусу керек, мисалы: 30, 15, 5 мүнөт калганда.
3. Тест аяктаганда бардык таратылган тест китепчелери чогултулуп, мектептеги долбоорго жооптуу адиске тапшырылат.

**КАТЫШКАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН ЫРАКМАТ!**